# КЫРГЫЗ ТИЛИ

*(окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)*

**9___ класс** **А** ВАРИАНТЫ

Аты-жөнү ______________________________________________

Мектептин аталышы ______________________________________

Место для штампа

**Тестке баа коюуга предметтик комиссия гана укуктуу.**
**Жыйынтык упай жана баа:**

| 1-бөлүмдүн упайы | 2-бөлүмдүн упайы | Жыйынтык упайы | *Баа | Текшерүүчүнүн аты-жөнү / колу |
|---|---|---|---|---|
| | | ____________ /________ | | |

** баа коюуда упайларды которуунун таблицасын колдонуңуз.*

***Тест 2 бөлүмдөн турат:***

**1-бөлүм.** 40 тесттик тапшырма – 40 мүнөт
**2-бөлүм.** 2 текстке 15 тесттик тапшырма берилет – 50 мүнөт

## 1-БӨЛҮМ. ЛЕКСИКА. ГРАММАТИКА

Тестти аткаруу убактысы – **40 мүнөт**. Тесттик тапшырмалардын саны – **40**. Тестти аткарууда сөздүк колдонууга болбойт. Таблицанын сол жагында сүйлөмдөр (1, 2 ж.б.), ал эми оң жагында жооптордун варианттары берилген. Туура жоопту таап, аны тегеректеп белгилеңиз. Эгерде жаңылып, **туура эмес** белгилеп алсаңыз, анда ал вариантты чийип салып, **туура** деп эсептеген жоопту тегеректеп белгилеңиз.

**Сүйлөмдөрдү толуктаңыз.**

| | | | | **упай 0/1** |
|---|---|---|---|---|
| **1.** | Бүгүн классыбыздын _______ жыйналышы болот. | А) ага-туугандар<br>В) кыз-кыркындар | Б) үй-бүлөлөр<br>Г) ата-энелер | |
| **2.** | Биз ойногон _______ жарылды. | А) кат<br>В) топ | Б) өчүргүч<br>Г) ширенке | |
| **3.** | Окуучулар _______ күнү мектепке барышпайт. | А) дем алыш<br>В) жума | Б) билим<br>Г) окуу | |
| **4.** | Окуучулар кол өнөрчүлүк _____ барышкан. | А) театрына<br>В) кыштагына | Б) көргөзмөсүнө<br>Г) көчөсүнө | |
| **5.** | Чүй облусундагы белгилүү жайлоону белгилеңиз. | А) Суусамыр<br>В) Арпа | Б) Каркыра<br>Г) Кырчын | |
| **6.** | Акылмандын ___ кыска жана нуска. | А) өмүрү<br>В) сөзү | Б) билими<br>Г) акылы | |
| **7.** | Атамдын көйнөгүнүн _____ түшүп калды. | А) топчусун<br>В) топчуну | Б) топчу<br>Г) топчусу | |
| **8.** | Биз класска отуз беш ______ алдык. | А) китептер<br>В) китеп | Б) китепти<br>Г) китепке | |
| **9.** | Жамийла, ____ жообун жаздыңбы? | А) катка<br>В) катты | Б) каттын<br>Г) катта | |
| **10.** | Алып келген көчөттөрдү мектептин _______ тиктик. | А) короого<br>В) короосунда | Б) короосун<br>Г) короосуна | |
| **11.** | Булар _____ мээримин билишеби? | А) энеге<br>В) энени | Б) эненин<br>Г) энеден | |
| **12.** | Алма менен _____ ширесинде витаминдер арбын. | А) алмуруттун<br>В) алмурутту | Б) алмуруттан<br>Г) алмурутта | |
| **13.** | Биздин окуучулардын ичинен ______ сыйлык берилди. | А) үчөөбүз<br>В) үчөөнү | Б) үчөөнө<br>Г) үчөө | |
| **14.** | Чоң атамдын жашы __ барып калды. | А) алтымышта<br>В) алтымыштан | Б) алтымышка<br>Г) алтымышты | |
| **15.** | Алар ___ кабатка бат эле чыгышты. | А) сегизинчи<br>В) сегиздей | Б) сегиз<br>Г) сегизге жакын | |
| **16.** | Жамгыр чаң-тозоңду басат, жайкы ______ абаны сергитет. | А) муздак<br>В) салкын | Б) ысык<br>Г) жагымдуу | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **17.** | Анын үнү мага ________ угулду. | А) сулуу<br>В) ширелүү | Б) улуу<br>Г) жагымдуу | |
| **18.** | Ата, быйыл айылда ________ түшүм кандай болот? | А) шаардык<br>В) жылдык | Б) тайгак<br>Г) таштак | |
| **19.** | _____ сөзү кыска, айта салса нуска. | А) Акылдуунун<br>В) Күчтүүнүн | Б) Жөнөкөйдүн<br>Г) Сулуунун | |
| **20.** | Адис, ______ муну ким айтып берди? | А) сен<br>В) сага | Б) сенин<br>Г) сенде | |
| **21.** | Баарыбыз __ иштерин жакшы билебиз. | А) мунун<br>В) муну | Б) мындан<br>Г) буга | |
| **22.** | Мен кечээ бул китепти окуп _______. | А) жатам<br>В) жүрөм | Б) бүткөм<br>Г) аламын | |
| **23.** | Сен үйгө бүгүн эрте ______ ? | А) барасыңбы<br>В) барасың | Б) барабы<br>Г) баргансың | |
| **24.** | Кыргызстан өнүккөн өлкөгө ______ . | А) тегеренет<br>В) жүгүрөт | Б) айланат<br>Г) болот | |
| **25.** | Жибек алыс жолго ________ жатат. | А) камынып<br>В) барып | Б) кирип<br>Г) отуруп | |
| **26.** | Айдар _____ кетти, _______ келет. | А) эртең / быйыл<br>В) кечээ / бүгүн | Б) анан / кайра<br>Г) бүрсүгүнү / түндө | |
| **27.** | Жетекчи чакырганда жаш жигит _____ чуркап келди. | А) тез<br>В) кем | Б) кокустан<br>Г) мол | |
| **28.** | Атам суусап, кымызды _______ жутуп жатты. | А) жарк-журк<br>В) кылт-кылт | Б) тарс-турс<br>Г) карс-курс | |
| **29.** | Мергенчилер тоону _______ жөнөп калышты. | А) боюнча<br>В) карата | Б) дейре<br>Г) көздөй | |
| **30.** | Жолдун чаңы Даниярды каптап, ал _____ кала берди. | А) астыда<br>В) артта | Б) үстүнө<br>Г) ичинде | |
| **31.** | Тоолуу талаалар кургак келет да, жайында ысык болот.<br>Бул ______ сүйлөм. | А) илептүү<br>В) суроолуу | Б) жай<br>Г) буйрук | |
| **32.** | Бактыгүл бетин ______ сууну жылытып келди. | А) жууй турган<br>В) төгө турган | Б) жута турган<br>Г) иче турган | |
| **33.** | Бербестин ашы – __________ . | А) бышпас<br>В) жетпес | Б) келбес<br>Г) жебес | |
| **34.** | Көрбөс тоону деле көрбөй калат.<br>Бул сүйлөмдүн ээси ________ | А) көрбөс<br>В) көрбөй | Б) тоону<br>Г) калат | |
| **35.** | Сүйлөмдүн бышыктоочун белгилеңиз.<br>Насаатчы мугалим тажрыйбасын тынымсыз жайылтат. | А) тажрыйбасын<br>В) тынымсыз | Б) насаатчы<br>Г) жайылтат | |
| **36.** | Сүйлөмдүн толуктоочун тапкыла.<br>Акылай ошол күнү тамакты даярдап койгон болчу. | А) ошол<br>В) тамакты | Б) күнү<br>Г) даярдап | |
| **37.** | Биздин шаарыбыз ___ , ____ , _____ . | А) кетти / келди/ чуркады<br>Б) өнүктү / өзгөрдү/ жаңырды<br>В) тазарабыз / күтөбүз / иштейбиз<br>Г) өстүк / жашылдандык / болдук | | |
| **38.** | Бүгүн ал жыйналышта өзүн _____, ______ жана _____ алып отурду. | А) мыкты / сыпайы / токтоо<br>Б) сулуу / көтөрүмдүү / чындык<br>В) сүрдүү / кооз / катуу<br>Г) күчтүү / мыкты/ жеңил | | |
| **39.** | Ал ошондо эле тигил жерде ______, _______ бизге айтып берип жатты. | А) көргөн / уккан<br>В) көргөндөн / уккандан | Б) көргөнүн/ укканын<br>Г) көргөнгө/ укканга | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| **40.** | Данияр ______ Жамийла көпкө чейин отурушту. | А) менен<br>В) жөнүндө | Б) дагы<br>Г) дейре | |
| | | | **1-бөлүмдүн упайы** | |

## 2-БӨЛҮМ. ОКУУ ЖАНА ТҮШҮНҮҮ

Тестти аткаруу убактысы – 50 мүнөт.
Тестти аткарууда сөздүк колдонууга болот.
Тапшырмалардын саны – 2 текст жана аларга карата 15 тесттик тапшырма.
Туура жоопту таап, аны тегеректеп белгилеңиз. Эгерде жаңылып, **туура эмес** белгилеп алсаңыз, анда ал вариантты чийип салып, **туура** деп эсептеген жоопту тегеректеп белгилеңиз.

**Текстти окуп чыгыңыз.**

### Жаракалуу чака

Бир карапайым адам өзүнүн устатынын үйүнө булактан суу ташычу экен. Булак алыс болгондуктан, күндө эки чака сууну бакан менен ийинине көтөрүп келүүнү адатка айлантып алган. Бирок үйгө жеткенче толук эки чака эмес, бир жарым чака эле суу жетет. Себеби, бир чакадан жарака кетип, суунун жарымы жолдо эле куюлуп калчу. Бир күнү сууга баратса, жаракалуу чака муңайып:

- Мен сизден кечирим сурайын дедим эле, аябай уялып жатам, - дейт.
- Анча эмнеге уяласың? – деп сурады.
- Сиз менин жаракамдын айынан эки жылдан бери устаттын үйүнө сууну толук жеткире албай жүрөсүз, - дейт капалуу.
- Жок, сен капаланбай, азыр кайра кайтып келе жатканда жол жээгиндеги гүлдөргө көңүл бур, - дейт. Чака оң тараптагы гүлдөргө карап көзү кубанат. Кайра эле үйгө жеткенде, өзүндөгү жарым болуп турган сууну көрүп маанайы чөгүп, уялат. Аны байкаган суу ташуучу адам:
- Жол боюндагы гүлдөрдүн сен тарапта гана экенин байкадыңбы? - деген суроосуна башын ийкейт. Себеби суу ташуучу күндө адашпай жаракалуу чаканы бакандын оң тарабына гана көтөрчү.
- Мен сендеги жараканы байкаганда эле жолдун оң тарабына түркүн гүлдүн уруктарын сээп койгом. Сен күндө ал гүлдөргө суу куюп, өстүрүп койдуң, а мен ал гүлдөр менен устатыбыздын жолун эле эмес, бөлмөсүн да кооздоп, маанайын көтөрүүдөмүн. Сен болбосоң, бул кооздуктун бири да болмок эмес,- дейт суу ташуучу.

Демек, биз да ар бир кемчиликтин пайдалуу тарабын тапсак болот. Бирок, аны да көрө билүү жана байкай жүрүү керек. (225 сөз)

**Тапшырмаларды аткарыңыз.** **Упай 0/2**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **1** | Адам сууну кайдан, кантип алып келчү? | А) жол боюнан / сууну чакага куюп алып сүйрөп<br>Б) булактан / чака илинген бакан менен көтөрүп<br>В) жакын жерден / баканды илип алып<br>Г) алыстан / устатынын жолун кооздоп | |
| **2** | Чаканын кандай өзгөчөлүгү болгон? | А) Толтура суу көтөрө алчу эмес. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Б) Чаканын жаракасы болгон.<br>В) Маанайы дайыма пас болгон.<br>Г) Дайыма бакандын оң жагына илинчү. | |
| 3 | Сиздин оюңузча, жолдун оң жагында гүлдөрдүн жайнап өсүшү эмнеге байланыштуу? | **Жообун жазгыла:**___________________________ | |
| 4 | Чака эмнеге кубанды? | А) өстүргөн гүлдөргө Б) алып келген суусуна<br>В) баканга илингенине Г) адамдын устатына | |
| 5 | Суу ташуучу «сен болбосоң, болмок эмес» деп эмнени айтып жатат? | А) бакандарды Б) сууларды<br>В) чакаларды Г) гүлдөрдү | |
| 6 | Тексттин маанисине кайсы макал туура келет. | А) Ачуу – душман, акыл – дос.<br>Б) Билим айга жеткирет.<br>В) Кыздуу үйдө кыл жатпайт.<br>Г) Эл эмгегин жер жебейт. | |
| 7 | **Берилген сөздөрдү сүйлөмгө дал келтирип тууралагыла**: | | |

| | |
|---|---|
| А. Чака оң тараптагы … карап кубанат. | 1.чаканы |
| Б. Суу ташуучу … бакандын оң тарабына гана көтөрчү. | 2.кооздуктун |
| В. Ал гүлдөрдүн … сээп койгон. | 3. гүлдөргө |
| Г. Сен болбосоң, бул … бири да болмок эмес. | 4. жаракага |
| | 5.уруктарын |

| А | Б | В | Г |
|---|---|---|---|
| | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 8 | Автор кандай ойду сунуштайт? | А) устаттардын маанайын көтөрүүнү<br>Б) кемчиликтин да пайдалуу жагын көрүүнү<br>В) гүлдөргө суу куюп өстүрүүнү<br>Г) жолдун чекесине гүл сээп коюну | |

**Тексти окуп чыгыңыз.**

**Ак илбирс**

Ак илбирс – Кызыл китепке кирген жырткыч. Алардын саны дүйнө жүзү боюнча жети миңге чамалайт деп айтылат. Кыргызстанда 200-300гө жакын ак илбирс бар дешет окумуштуулар. Алар байырлаган аска-зоолор 6 миң метрге чейинки бийиктикти түзөт. Бул Эверест чокусуна дээрлик 3 миң метр гана жетпейт.

Ак илбирстер өтө ыкчам секирик жасай алганы менен айырмаланат. Алар дээрлик он беш метр жерден секирип жандыктарды кармай алат. Негизинен алар аркар, теке жешет. Бул жырткычтын биологиясы толук изилденип бүтө элек. Анткени, алар өтө бийиктикти байырлагандыктан аларды изилдөө кыйын. Ак илбирстер кичи мышыктар классына же ири мышыктарга кирерин окумуштуулар али күнгө талашып келишет,

Ак илбирс жылына эки жолу тукумдайт, көбүнчө экиден, ашып кетсе бешке чейин күчүк тууйт. Бала көтөрүү узактыгы 90-100 күнгө барабар.

Алар табиятта 13 жылга чейин жашайт. Бакма шартта ургаачысы 28 жыл жашаган учур катталган.

Ак илбирсти анын добушу аркылуу аныктоо мүмкүн эмес. Анткени, көмөкөйү табиятынан ушундай жаралган, эч кандай шыбыш, үн, добуш, ал тургай дем чыгарбай жүрө алат.

Альпинисттерде “ак илбирс” деген титул бар. Эң жогорку бийиктиктерди багындыргандарды ич ара ушинтип атап коюшат.

Ак илбирс түрк элдери эле эмес, башка элдерде да ыйык катары саналып, символикалык белгилерге айланган. Мисалы, Тибетте ыйык адамдар ак илбирске айланып кетишет деп ишенишет. Анын сөлөкөтү бир катар өлкөлөрдүн тыйын, герб, мамлекеттик белгилерине түшүрүлгөн. Мисалы, Бишкек шаарынын гербинде да ак илбирс тартылган. (210 сөз)

**Тапшырмаларды аткарыңыз.** **Упай 0/2**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **1** | "Ак илбирс" деген наам альпинисттерге кандайча берилет? | А) Ак илбирстерди изилдегени үчүн<br>Б) Эң бийик чокуларды багындырганы үчүн<br>В) Илбирстердин жүргөн жерин билгени үчүн<br>Г) Альпинисттин көмөкөйү башкача болгон үчүн | |
| **2** | Эмне үчүн ак илбирстерди изилдөө кыйын? Боштукка өз оюңузду жазыңыз | **Жообун жазгыла:** ___________________________ | |
| **3** | Ак илбирстин жүрүм-турумундагы өзгөчөлүктү белгилеңиз. | А) Символго айланып калганы<br>Б) Дем чыгарбай тура алгандыгы<br>В) Жылына 2 ирет тукумдаганы<br>Г) Үй шартында көпкө жашаганы | |
| **4** | Ак илбирстин сөлөкөтүн эмнеден кездештирүүгө болот? | А) Кыргыз Республикасынын гербинен<br>Б) Бишкек шаарынын гербинен<br>В) Кыргызстандын туусунан<br>Г) Кыргызстандын тоолорунан | |
| **5** | Ак илбирстин негизги азыгын белгилеңиз. | А) бугу, куштар Б) аюу, карышкыр<br>В) аркар, теке Г) теке, коён | |
| **6** | Эмне үчүн ак илбирс табиятта азыраак жашайт? | А) Бир катар өлкөлөрдө аларга эч кандай камкордук көрүлбөгөндүктөн<br>Б) Ак илбирстин биологиясы толук изилденип бүтө элек болгондуктан<br>В) Табиятта жашоо шарттары оор болгонуна байланыштуу<br>Г) Бала көтөрүүнүн узактыгы 100 күнгө узарып кеткенине байланыштуу | |
| **7** | Нарын шаарынын гербинде ак илбирс тартылган. | 1.Туура<br>2.Туура эмес | |
| | | **2-бөлүмдүн упайы** | |

**Тесттин аягы!!!**